# Айлампа дептерлерди текшерүүнүн бирдиктүү талаптары

1. 1-11- класстарда 2 иштөөчү айлампа дептери (12 барактуу) жана 1 жазуу, 1 текшеруу иштери боюнча дептер жүргүзүлөт.
2. **Айлампа дептерлердин сырты бирдей толтурулушу керек.**
   Мисалы: кыргыз тилинен;

   Дептер № 1

   Мамадалы Барпиев атындагы № 19 Жылгын жалпы орто билим берүүчү мектебинин 2- а классынын окуучусу Асанов Амандын кыргыз тилинен жазган дептери.

   Бардык айлампа дептерлер толтурулуп жазылып бүткөндөн кийин гана жаңысына алмаштыруу керек.

3. **Жазуу ишин аткарып жатканда:**

**а)** числону сөз менен жазуу керек.

**б)** иштин түрү көрсөтүлөт (үй иши, класста иштөө, өз алдынча иштөө, текшерүү иши)

**в)** сөздөр сызыктан чыгарылбай жазылат.

**г)** бир иш менен экинчи иштин ортосу бош жол менен ажыратылат.

**д)** эгер дептердин бетинде число жазганга гана орун болсо, бул учурда бош жолдор калып, числосу жаңы беттен башталат.

**е)** булгоого, замаска колдонууга жол бербөө керек.

**ж)** көк сыя менен гана толтурулат.

**4. Текшерүү кызыл сыя аркылуу гана жүргүзүлөт.**

**Текшерүүдө:**

**а)** ката жазылган тамганын үстүнөн бастырып оңдоого болбойт.

**б)** туура эмес жазуунун түбүн сызып коюу керек.

**в)** туура эмес түзүлгөн сүйлөмдүн түбүн толкун сызык менен сызып коюлат.

**г)** жазуу иштерин аткарууда каталар кызыл сызыктан чыгарылып коюлат.

**д)** 1-2-3-4- класстардын бардык дептерлери күн сайын текшерилет

**е)** 5-6-7-8- класстардын айлампа дептерлери жумасына 2 жолу текшерилет.

**ж)** 9-10-11- класстардын айлампа дептерлери жумасына бир жолу текшерилет

Сканировано с CamScanner